
С (кирг)
К-58

Турар Кожомбердиев

# Биздин күчүк Кумалак

«Көлчүктөгү ай»

3-китеп



УДК 821.51-93
ББК 84 Ки 7-5
К58

Кожомбердиев Т.
К58 Биздин кучук Кумалак: 3 китеп
Б.:2016.- 24 б. - (Келчүктөгү ай)

ISBN 978-9967-28-090-8

## *Урматтуу бөбөктөр!*

Кыргыз элинин классик акыны Турар Кожомбердиевдин «Көлчүктөгү ай» аттуу балдарга арналган ыр жыйнагы анын тунгуч чыгармасы болуп саналат. Акындын "Көлчүктөгү ай" китеби 1961-жылы жаңы жарык көргөндө кыргыз адабиятына башкача жаңылык жана чоң ачылыш жаратканы менен эсте калган. Бул китеп аркылуу кыргыз эли Турарды тубаса акын, нукура талант деп тааный баштаган. Акындын балдарга арнаган ырлары тарбиялык мааниси өтө зор жана пайдалуу экенин мезгил тастыктап келет. Кепчүлүк балдардын суроосу менен 1977-жылы «Көлчүктөгү ай» экинчи жолу басылып чыккан. Акындын замандашы, калемдөши Анатай Өмүркановдун айтымында, Турар Кожомбердиев ушул алгачкы китеби аркылуу эле кыргыз адабиятына дүйнөгө балдардын көзү менен караган, баланын психологиясын кылдат өздөштүргөн акын келгенин көрсөткөн: *«Турар поэзияга үйрөнчүк болуп келген жок. Келгенде эле кыргыз поэзиясынын катуу жабылып калган каалгасын шарт ачып, тиш каккан чеберлер отурчу секиге чыгып отурду. Секи ага, ал секиге жарашты. Көз ачып көргөн «Келчүктөгү ай» кыргыз балдар поэзиясынын туу чокусунда Чолпон жылдыз болуп, түбөлүккө жаркырап калды. Чындыгын айтканда, Турарга чейинки кыргыз балдар поэзиясы «Торпогум», «Мышыгым» деген өтө жөнөкөй деңгээлде эле. «Келчүктөгү ай» балдардын балалык кулк-мүнөз, ой-кыялын таасын чагылдырууда мурда кыргыздын бир да акыны көрбөгөн нерселерди көрүп, аны кемелине келтиргендиги менен поэзия сүйүүчүлөрүнүн жан дүйнөсүнө бүлүк салды, таң калтырды, жаңылык алып келди».*

Турар Кожомбердиевдин чыгармаларынын арасынан эң алгачкы «Көлчүктөгү ай» китебин акындын 75 жылдык маарекесине карата балдарга тартуулоо азыркы мезгилдин талабы деп ойлойм. Анткени китеп дүкөндөрүндө кыргыз тилинде жаш балдарга арналып жазылган сапаттуу китептер жокко эсе. Ошол себептен мен, атам - Турар Кожомбердиевдин китептеринин арасынан "Көлчүктөгү ай" китебин биринчи жаңыча чыгарууну туура көрдүм. "Көлчүктөгү ай" китебинин бул жаңы басылышында акындын ар бир ырына ылайыкташтырылып образдуу тартылган жаңы сүрөттөр пайдаланылды. Ал эми кызыктуу ырларды коштогон көркөм сүрөттөр китептин көлөмүн да ээлерин эске алсак, бул жолу "Келчүктөгү ай" тогуз сериядан турган китепчеге айланды.

Балдар, бул китеп силерге да бардык жагынан кызыктуу жана баалуу көркөм дөөлөт болуп калат деп ишенем. Андыктан алдыда силер менен кызыктуу жолугушууларга чейин саламатта болгула.

Бул китептердин басылып чыгышына кемек көрсөтүп, жардам берген инсандарга да терең ыраазычылык билдирем.

***Китептин түзүүчүсү - Кожомбердиева Нургуль Тураровна***

К4803300200-16

ISBN 978-9967-28-090-8

УДК 821.51-93
ББК 84 Ки 7-5
© Кожомбердиев Т., 2016

Турар Кожомбердиев

# Биздин күчүк Кумалак

“КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ”

3 китеп



27603

# БИЗДИН КҮЧҮК КУМАЛАК
(калп)

Биздин күчүк Кумалак
Түк тойбогон сугалак.
Минип алып алып кулунду,
Күндү кармайт кубалап.

Көлдөн биздин Кумалак
Коён тиштейт кубалап.
Комуз чөртип ырдаса,
Уккан балдар кубанат.

Биздин күчүк Кумалак
Түк тойбогон сугалак.
Көккө чыга чуркады,
Көлөкөсүн кубалап...



# ЭМИ КӨРЧҮ ЖҮКӨНДҮ

Коон айдап жатканда
Жардам берди Күкөн.
Чөйчөк менен суу ташып,
Куюп жүрөт Бүкен.
Жардам кылбай чалкалап,
Жатып алды Жүкөн.

Күздө бышкан коондон,
Күндө берем Бүкөнгө,
Күндө берем Күкөнгө.
Эчтеме жок жанагы,
Жалкоо бала Жүкөнгө.

Эми көрүп каткырып,
Күлкүм келет Жүкөнгө.
Бир тиштетип койсоң деп,
Чуркап барса Бүкөнгө,
Бир тиштетип койсоң деп,
Чуркап келет Күкөнгө.

# ОЙЛОНОМ

Түн ичинде ойгоном,
Таң атканча ойлоном.
Ай дөңгелек топ го дейм,
Биз ыргытып ойногон?

Эртең менен ойгоном,
Анан минтип ойлоном.
Айды эмне үчүн таптакыр
Батпас кылып койбогон.

Дайым ойлоп таңданам:
Түнде Айды жандаган,
Ким жасады болду экен
Жылдыздарды сандаган?



## ЖАРТЫ БАШ

Жашын төгүп жамгырдай
- Аний, кой, - деп Садырбай,
Качып чыкты көчөгө
Чачын тегиз алдырбай.

Чуркап барды балдарга
Жылаңайлак, жылаң баш.
Анда балдар кыйкырды:
- Эй, жарты баш, жарты баш!
Карга мөнен кык талаш!


Бул сөздү угуп Сайрадан,
Нурдан, Гүлдөн, Айнадан,
Калкалап башын Садырбай
Үйүнө качты кайрадан.



# МЕНИН ИНИМ ЭРКЕБЕК

Чака менен суу алып,
Алмаларды сугарып,
Жүрсем көрүп чоң атам
- Азамат, - дейт кубанып.

Мени туурап Эркебек
Күчүгүнүн үстүнө,
Суудан куят энтелеп,
- Чоңойсун, - деп эртелеп.



# МИНИП ЖҮРҮП АТЫН ИЗДЕГЕН...

Түш болгондо Малабай
Жылкыларды санаса,
Бирөө жетпейт караса,
Мына кызык тамаша!

Андан-мындан көрүнүп,
Атын чүдөп төминип,
Издөп жүрөт Малакең
Кара төргө чөмүлүп.

Тапкан өңдүү акылды
Чоң атасы чакырды:
- Санадыңбы, - дөди ал, -
Минип жүргөн атыңды?

Алды-артына карабай
Кызык экен Малабай!
Издеп жүргөн турбайбы
Минген атын санабай...



# МУЗДА

Тайгаланып жыгылып,
Күлүп атат Жайна.
Чана менен бөбөгүн
Сүйрөп жүрөт Айна.
Бир конькичен сороктоп,
Чуркап барат Майра.
- Туруп тепсем бары бир
Жыгылам деп кайра –
Отуруп алып муз тебөт
Томпоңдогон Сайра.



# ДӨҢДҮН ЧӨПТӨРҮ

Дөң үстүндө жатамын.
Кыткылыктап өзүмчө
Кубанычка батамын.
Кытыгылайт чөптөрү
Сакалындай атамдын.





ДЕТБИБЛИОТЕКА
~~27603~~ 1227

# ЭСИМДЕ
(калп)

Дайым кетпей эсимде,
Төрелөлек көзимдө,
Козуларды кайтарып,
Үйге келсем кечинде:

Апам жаңы төрелүп,
Ак бешикке белөнүп,
Ыйлаганда соороткон
Атам атка еңөрүп.

Ыңгаалаcа энекем
Упчу берип эжекем,
Термелдирип бешигин:
- Укта, - дечү, - берекем.

Колдон кармап жетелеп,
Эркелетип бепелеп.
Чоң атамды ойнотком
Кармап берип кепөлек.

Дайым турат эсимде,
Төрелөлек кезимде,
Чоң апамды тайтайлап,
Ээрчитчүмүн кечинде.



**Турар Кожомбердиев**
**"КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ"**
**3-китеп**

# Биздин кучүк Кумалак

**Бөбөктөр жана кенже балдар үчүн**

**Ырлар**

**Мазмуну:**


Биздин күчүк Кумалак....................2-3

Эми көрчү Жүкендү....................4-5

Ойлоном....................6-7

Жарты баш....................8-9

Менин иним Эркебек....................10-11

Минип жүрүп атын издеген....................12-13

Музда....................14-15

Дөңдүн чөптөрү....................16-17

Эсимде....................18-19



Басмага даярдаган: Кожомбердиева Нургуль
Сүрөтчүсү: Исраилова Динара
Демөөрчүсү: Кожомбердиев Карыбай
Компьютердик дизайн: Лазаренко Георгий

Кагаз форматы: 84х55 1\16, 1.5 фпл.
Нускасы 3000 экз.
"Continent Print" ЖЧКсында басылды.
720054 Бишкек ш., Интергельпо кечесү, 1.




12 27
27603


Беке, Меке, Кеке
жана мүйүздүү теке


Турар Кожомбердиев
Кетик тиш бөбөгүм


Биздин күчүк Кумалак


Жалакай Жантай


Турар Кожомбердиев
Көлчүктөгү ай


Турар Кожомбердиев
Тентек улак


Турар Кожомбердиев
Сугалак мышык


Турар Кожомбердиев
Коңуз
чегилген чана


Тамаша